# КЫРГЫЗ ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙ-ТОЛГООЛОР.

**Мырзакматова Минаим Осмоналиевна**
*Кыргызстан эл аралык университетинин ага окутуучу, PhD докторант*

**Тумонбаева Мира Жээнбаевна**
*И.Раззаков атындагы кыргыз техникалык университетинин ф.и.к., доцент*
mirtumon73@gmail.com

**DOI:** https://doi.org/10.5281/zenodo.15290628

***Аннотация.*** *Биз бул макалабызда кыргыз элинин улуу мурасы эпикалык чыгармаларында, элдик оозеки айтмаларында, элдик фольклорунда – деп баса белгилегибиз келет. Эгерде бул маселелерге дүйнөлүк контекстте, жалпыланган планда мамиле жасасак, маданий баалуулуктарыбызды дүйнөлүк деңгээлде талкууласак, анда бул биздин доордогу мурунку муундардын осуяты деп эсептейбиз. Бул жалпы түрк маданиятынын байлыгы, кечээки тарыхы, эртеңки түптүү келечеги болмок. Себеби түрк элдеринин эпикалык традициясы, фольклору – баа жеткис руханий байлык, дөөлөт, ар бир эпизоду – терең билим, ачыла элек казына!*

***Таяныч сөздөр****; иликтөө, доор, жашоо-тиричилик, көөнө, куйкум сөз, жомок, мурас, кайрат, мамиле, нукура, тунгуч, дүйнө, экология, коом, байыркы дүйнө тааным, салттуулук, нарк, касиет, баба.*

***Annotasiya.*** *Ushbu maqolada qirg'iz xalqining buyuk merosi uning epik asarlarida, xalq ertaklarida, xalq og'zaki ijodida ekanligini ta'kidlamoqchimiz. Agar biz ushbu masalalarga global kontekstda, umumlashtirilgan rejada yondashsak, madaniy qadriyatlarimizni global miqyosda muhokama qilsak, bu bizning davrimizning oldingi avlodlarining amri, deb hisoblaymiz. Bu mushtarak turk madaniyatining boyligi, kechagi tarixi va ertangi kunning asl kelajagi bo'lardi. Chunki turkiy xalqlarning epik an'anasi, xalq og'zaki ijodi bebaho ma'naviy xazina, boy, har bir epizod chuqur bilim, ochilmagan xazinadir!*

***Kalit so'zlar:*** *tadqiqot, davr, hayot tarzi, vaqt, so'z, ertak, meros, jasorat, munosabat, haqiqiylik, to'ng'ich, tinchlik, ekologiya, jamiyat, qadimiy dunyoqarash, an'ana, qadriyat, mulk, baba.*

***Abstract.*** *In this article, we would like to emphasize that the great heritage of the Kyrgyz people is in their epic works, folk tales, and oral works of the people. If we approach these issues in a global context, in a generalized plan, if we discuss our cultural values on a global scale, we believe that this is the commandment of the previous generations of our time. This would be the wealth of common Turkish culture, the history of yesterday and the true future of tomorrow. Because the epic tradition of the Turkic peoples, folklore is a priceless spiritual treasure, rich, every episode is deep knowledge, an undiscovered treasure!*

***Keywords:*** *research, era, lifestyle, time, word, tale, heritage, courage, relationship, authenticity, firstborn, peace, ecology, community, ancient world, tradition, value, property, grandfather.*

Кыргыз эли өзүнүн бүткүл ой-сезимин, ар намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын оозеки эпикалык жанрда, мифте, уламыштарда, легендаларда фольклордо чагылдырган. Кыргыз фольклору өзүнчө зор дүйнө,
түгөнгүс байлык, философиялык мазмундуу маданий казына.

**Академик Чыңгыз Айтматов**.

Кыргыздар – Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири.

Ар бир эл аз-көбүнө, кичине-чоңуна, бай-жардылыгына карабастан басып өткөн тарыхый этаптарына кайрылары шексиз. Маданий өнүгүүсү, коомдун калыптанышы жагынан V-VII кылымдарда эле маанилүү бийиктиктерге жетишкен түрк элдерин айтсак болот. Кыргыз, казак, өзбек, уйгур, түркмөндөрдүн тагдырлары карт тарых аркылуу далилденип келет. Бул жерде эң байыркы жазуулардын бири – түрк элдеринин руникалык жазуусу экендигин айтсак жетиштүү.

Орхон жазуулары Йоллыг-Тегин түзгөн "Күлтегиндин" тексттери мисал боло алат. Биз бул илимий макалабызды улуу инсандардын мурас-кептеринен баштайлы. Башка элдер өзүнүн өзүнүн өткөндөгү маданиятын, тарыхын жазма адабиятта, скульптурада, архитектурада, театрда, сүрөт искусствосуна сактап келген. Кыргыз фольклорунун материалдарын жыйнаган окумуштууларды, адабиятчыларды айта кетүү бул – инсандык улуу парз.

"Манас" баш болгон кыргыз фольклорунун изилдөөгө түрдүү улуттардын өкүлдөрү катышкан.

Академик В.В.Радлов, Ч.Валиханов, М.Ауэзов, В.Жирмунский, М.Богданов, К.Рахматуллин, А.Бернштам, С.Абрамзон, түрк окумуштуусу А.Инан, англичан А.Хатто, кытай Ху Чжен-Хуа ж.б чет элдик окумуштуулардын эмгегине таазим кылабыз. Советтик түзүлүш учурунда кыргыз фольклорун изилдөөнү уланткан окуумуштуулардын тобу пайда болду. Э.Арабаев, К.Тыныстанов, Б.Юнусалиев, З.Бектенов, Б.Кебекова, С.Закиров баш болгон белгилүү, беделдүү адамдар жигердүү иштешти. Алар чогулткан фольклорлор көп түрдүү кол жазмалардан баштап басма бетиндеги материалдарга чейин жетти. "Манас" эпосунун эле 80ден ашык варианты белгилүү. Демек, дүйнө окумуштуулары кыргыз фольклоруна кызыгышкан, изилдеген, зор эмгектерди жасашкан. Улуу жана кенже эпосторду жыйнап, кыргыз элинин тарыхынан, тилинен, маданиятынан кеп козгошкон. Бул изилдөөлөргө "Манас" , "Семетей" , "Сейтек" окуялары бүт камтылган. "Жолой

хан" , "Эр Төштүк" аттуу кенже эпосторду жана бир канча жомокторду 1885-жылы транскрипцияланган орус арибы менен кыргыз тилинде Санкт-Петербургда бастырып чыгарышкан.

В.В.Радлов "Кыргыз өз ырларында өзүнүн турмушун, өзүнүн сезимдерин, келечекке умтулууларын,идеяларын даңазалап ырдайт"- деп белгилейт. Бул талдоого таянсак кыргыз фольклору – жашоо күрөш,ал үзгүлтүксүз өсөт, жаңыланат, бардан жок болбойт тил – философиялык ой-толгоолордун таянычы болуп турат. 1911-жылы Будапештте чыккан "Келети Еземле" журналына жарыяланган венгер окумуштуусу П.Алмашинин ысымы да жогорку ойлорубузга далил боло алат.

Кыргыздардын баалуу байлыгы – оозеки көркөм чыгармачылыгы экендиги кылымдардан бери далилдүү айтылып келет.

Кыргыз фольклорундагы көптөн бери көйгөй кемчендиктерди элдин руханий казынасын толтурду. Ушул максатта 1996-жылы Кыргыз Илимдер Академиясынын Манас таануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору "Шам" басмасы менен бирдикте оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүн серия түрүндө 40 том кылып кыргыз фольклорунун бардык жанрларынын үлгүлөрүн ирээти менен камтыды жана окурмандарга тартууланды. Окумуштуулар кеңешинде кеңири талкуулангандан кийин гана материалдар китепке сунушталды. Башкы таяныч кол жазмалардын үлгүсү болду. Фондуда сакталган ар бир кол жазма түп нуска эмес. Андыктан ар тараптуу жумуштар дыкаат жүргүзүлүп, изилденди, текстологиялык иштер тынымсыз жасалды, илимдик принциптер так сакталды. Көлөмдүү чыгармалар өзүнчө томдорго кирди. Калгандары жыйнактарга бириктирилди. Элдик фольклордун түрлөрү арбын; Миф, легенда, уламыштар, поэмалар, дастандар, салт ырлары, сүйүү ырлары, дин ырлары, ырым-дарымдар айтымдары, санат-терме ырлары, айтыш ырлары, балдар фолькору, чечендер айтышы.

Биз кыргыз элинин руханий байлыктарынын бири элдик оозеки чыгармачылыктын кнргс азыгы болгон терме-санат ырларынын маани-маңызына кайрылдык. Доорлордун алмашуусуна туруштук берген оозеки чыгармачылыктын азыркы жашообуздагы улуу түрк элдеринин ичинен кыргыз элинин маданияты, тарыхын камтыган мурас катары жашап келе жаткан элдик ырлардын мааниси терең экендигинде шек жок.

Санат-терме ырларында элибиздин ойчулдугу, акылмандуулугу, чечендиги, сөз баалаган кеменгер касиети, дүйнө таанымы, психологиялык-

философиялык ой толгоолору даңазаланат. Анан дагы адамдарын оң-терс кыял-жоруктары белгиленет. Адамдарга жүрүм-турум эрежелерин үйрөтөт. Абийирдүү, чынчыл, эмгекчил, кичи пейил болууга үндөйт. Бул ырларда өмүргө, турмушка арналган философиялык ойлор жыш. Фольклордук чыгармаларды маанисине жараша, формасына карата, идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрүнө ылайык баатырдык, литро-романтикалык, социалдык-турмуштук эпостор деп үчкө бөлүп окуп келебиз. Социалдык-турмуштук поэмаларга кирген "Кедейкан" эпосуна кайрылсак: Азимкан аттуу акылсыз адамдар элдин шору болуп бийликке келип, өз элин өзү кордоп, ачарчылыкка жеткизип, эзип, күнкор кылган. Ушул эле учурда Кедейкан аттуу жетим баланын бийликке келүү жолунда элдик үмүт, тилек, жакшы турмуш, "адилеттүү хандар" жөнүндөгү философиялык терең ой толгоолор чагылдырылат [Эл адабияты". 3:189].

В.В.Радлов "Кыргыздар өздөрүнүн ырларында кандайдыр бир керемет, укмуштуу дүйнөнү баалабастан, өз турмушун, өз сезимин, өз философиясын, умтулууларын, кыскасы коомунун ар бир мерөсүндө жашаган идеяны даңктап ырдашкан."–дейт. [В.В.Радлов. 1:6].

Залкар окумуштуунун бул аныктамасы "Кедейкан" поэмасына да тийиштүү

Калк башкарган Азимкан
Мартың кадыр кылабы?
Ачкалыкта кырылган
Калкың кадыр кылабы?
Кылымдарды карыткан
Салтың кадыр кылабы?
Эртели-кеч кол берип
Элиң кадыр кылабы?["Эл адабияты". 2:50].

Мына эл башынын, зулум падышанын образы. Азимкандын бийлик менен чектелген көз карашы калайык калктын шору болду.

Эми Кедейкандын бийлигине токтололу:

Таксыр Кедейканыбыз
Кетти кубат алыбыз.
Кечеги күнү келсең да
Ачылган биздин багыбыз.
Кол куумуруп алдыңда
Корголоп турган чагыбыз.

Куттуу болсун тагыңыз
өз элиңе кас болбой
Бапестеп багып алыңыз.[Эл адабияты". 3:245].

Элдин үмүт тилек философиясы, келечекке болгон ишеним философиясы жогорку саптарда ташка тамга баскандай такталып турат. "Манаста" айтылгандай:

Тоо бузулуп сай болуп,
Сай бузулуп тоо болуп ["Манас".4:] нечен доорлор алмашканда, элдин тарыхын, көргөн күнүн, көрөңгөлүү сөзүн, таржымалын фольклор аркылуу көркөм адабияттын туу чокусуна жеткирди биздин элибиз. Фольклор дүйнөсүн бүгүнкү күнгө жеткирген жомокчулар, санжырачылар, ырчылар, чечен болушту. Элдин калың катмары чогулган жерлерге алар рух дүйнөсүн байытып, күн нурундай жарык чачып турушту.

Ч.Айтматовдун чет элдик окумуштуулар менен болгон интервьюларынын бирине көңүл буралы: "Элибиздин оозеки чыгармачылыгы тууралуу кызыгып сурашат. Жазуучулук өнөрканамда мурастарды колдонушумду сурашат. Бул маселелерге кайрылган сайын жанданып, сыймыктанып, толкунданып чыгармачылык рахатка батам. "Манастан" баштап айтымдарга чейин мисал келтирем. Мына бир мисал: "Сиз дүкөнгө барып нан аласыз дейм. Нанды алып жатып "Данды ким себет, качан бышат" эч бир ойлонбойбуз". Демек, табият менен сиздин ортоңузда чынжыр үзүлгөн [Ч.Айтматов.7:173]. Жазуучу азыркы адабиятка өткөн маданияттын мурасын киргизет: фольклор. Элдик оозеки чыгармачылыктын элементтери азыркы адамдар үчүн өткөндү эстеп калуу үчүн маанилүү жана ошол эле учурда өткөндүн сабактары келечек муундун аң-сезимине, жүрүм-турумуна таасирин тийгизет.

Ал эми биздин фольклордо бул сакталган. Биздин эл мал төлдөсө, эгин сепкенде "Айтым" айтышкан.

Мына, септим үч убак
Жылуу жерден когуштап
Бул – жетим-жесирге,
Мунусу – карып мискинге
Бул кочуш – ач-арыкка,
Мунусу – алыстагыга
Булар – курт-кумурскага.
Бул – сурамчыга

Бул – тилемчиге
Бул – учуп жүргөн куштарга
Бул – жортуп жүргөн коенго.
Калгандары – сизге, бизге, мага
Баба дыйкан жолдошум,
Бардык ишти оңдосун
Бардык жерде колдосун
Эми биягын мен билемин
өнгөндө арам чөп койбойм
Арыгың кенен чабылат,
Корукчуң арбын табылат.
Тилегеним – чоң
Оп, үрөнүм, оп!
Береке бек байласын,
Бердим Баба-Дыйканга
Бириң миңге айлансын. .["Залкар акындар сериясы".7:20].

Ушул ырды мисал келтирем. Анан, силер экология маселесин азыр айтып жатасыңар , ал эми биздин түрк дүйнөдө мындан миң жыл мурун айтылган, демекчибиз.

Бир кезекте  бул аалам
Чакыйган муздай тоңорбу?
Же болбосо от болуп,
жашылдыгы оңорбу? –дегендей Асан кайгынын санат ырындагы ааламдын кандай болорун, этностун дүйнө таанымындагы ой-чабыттарын берип жаткандыгы азыркы табияттын сырларын ачуудагы терең философиялык мааниси адамзат үчүн өтө маанилүү ["Залкар акындар сериясы".7:37].

Эми талдап көрөлү. Жогорку ырда магиялык сөздөргө ишенүү менен адамдар жаратылыштын күчтүү сыйкырынан үмүт – кыял, жакшылык күтүшөт. Элибиздин байыркы түшүнүктөрүн, жер, адам, жашоо философиясын чагылдырат.

Мындай ырым-дарымдар адамды, жаратылыш, жан-жаныбарларды сактоо максатында айтылат.Дыйканчылык, аңчылык кылууда жол ачуучу касиетке ээ деп түшүнүшөт. Сөздүн касиетин бийик тутушат.

Ошондой эле, бата, каргыш тематикадагы айтымдар жашоо-тиричилигибизде өлүм менен өмүргө, адамдардын ортосундагы мамилелерге

тийиштүү терең философияны камтыйт. Кошок ырлары, арман ырлары, сүйүү ырлары, макал-лакаптар, табышмактар, жаңылмачтар, жомоктор өзүнчө айтканда – бүткүл фольклордун кенчи.

Чыңгыз хандын баласы Жуучу каза болгондо Кет Буканын угузганы:

Ала-Тоо кулап бас болуп,
Бел бөксөрдү, Айганым.
Берекелүү нур качып,
Эл бөксөрдү, Айганым.
Агын, дайра соолуп,
Көл бөксөрдү, Айганым.
Кара жандан таптатты,
Ынак өчтү, Айганым.
Касиеттүү, башкача
Чырак өчтү, Айганым.[“Залкар акындар сериясы”.7:10-11]

Түрк элдеринин орток мурасы катары “Кетбука кыпчак талааларында жашаган жана найман уруусунан чыккан чоң акын болгон деп айтылат. Тилекке каршы, анын чыгармалары бизге толук жетпей калды. Айрым бир чыгармалары кыргыздарга гана эмес, казактарга да, ногойлорго да тараган.”

Араб тарыхчыларынын жылнаамасына кирген анын ырлары XIII кылымда эле Дашти-Кыпчак талааларын кыдырган фарсий тилинде жазган бир жыйноочу тарабынан катка түшүрүлүп, "Түрктөрдүн ата-теги" аттуу жыйнакка кирген, бул тууралуу араб тарыхчысы Ибн-аль-Асир (1323-жылы каза болгон) да жылнаамасына киргизген”. Ага караганда аны тарыхый инсан деп айтууга да кандайдыр негиз бар.[“Залкар акындар сериясы”.7:17] .

Жашоо,өмүр, өлүм – бардыгы табигый көрүнүш. Түбөлүк эч нерсе жок. Жуучунун өлүмүн чебер көркөмдүктө, маанилүү уйкаштыкта ырга салды. Анын батырдык күч – кубатын Ала-Тоого, дайрага, көлгө, айга, күнгө теңдештирет. Бул өлбөстүктүн, чексиздиктин философиясы.

Биздин элибизде Жеңижок, Токтогул, Барпы, Калык, Коргол ж.б оозеки элдик чыгармачылыктын өкүлдөрү жашап өтүштү.Алар Кыргыз салттуу маданиятынын сакталып калышына эбегейсиз салым кошушту. Алар түрк маданиятын даңазалап, түрк элдеринин достугун бекемдеп, кастарлап, сыйлап, бири-бирин аш-тойлорго чакырышып, түрк тилдүү элдердин карым-катышына,тынчтыгына көпүрө болушту.[“Залкар акындар сериясы”.7,118].

Токтогул акындын баласы Топчубайдын өлгөнүн Коргоол ырчынын угузганы:

Пендени пенде билбеген,
Белгилүү жүрөк зилдеген,
Бербейт экен кара жер,
Перзентиң жалгыз Топчубай,
Бегене болгон дүйнөдөн.
Сабыр кыл башка салганда,
Санааркаба карганда,
Кимдер өтпөйт дүйнөдөн,
Бул опасыз жалганда. .[Токомбаев А.6:178].

Адамзаттын акыл-эси, аң-сезими, ой-толгоосу жан-дүйнөсүнө, күч-кубатына шериктеш экендигин ушул ырдагы психологиялык-эмоционалдык философия далилдеп турат.

Айтылуу төкмө акын Барпынын:

Айт, айт десе,
Ааламды айт.
Ааламдагы адамды айт.
Адам баскан кадамды айт.

Эмне деген философия! Адам – чексиздик. Адам – жашоону улантуучу. Анын баскан кадамы – күрөш.

Фольклордун туу чокусу болгон "Манас" эпосундагы Манастын сүрөттөлүшү:

Асман менен жериңдин ,
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй. ["Манас".4:38].

Ушул төрт сап ырдын философиялык маанисин оңдоп – түшүнүп, чечмелөөгө кандай күч, кандай билим, кандай изденүү керектигин айтуу кыйын.Абалкы адамзат тарыхында ал түшүнүктөр бири-биринен айырмаланбастан, жашоонун синкреттүү философиясын жана күнүмдүк турмуштун практикасын синхрондуу чагылдырып келген тирүүлүктүн жалпы мыйзамы болуп келген.

**Колдонулган адабияттар:**

1. В.В.Радлов "Образцы Народной литературы северных тюркских племен" ч.к.Сб.1885, предисловие с 6.

2. “Эл адабияты” сериясы.Кошоктор 21 т.23-бет. “Шам” басмасы, 1998.
3. “Эл адабияты сериясы”.Аталышы. 1. 11-том Кедейкан, Шырдакбек. 2. 12-том. Кокул, Карач-Кокул. 3. 13-том Эр Эшим, Макал-лакаптар. 4. 14-том. Эр Солтоной. 3 бет.
4. «Эл адабияты» сериясы Көркөмдөгөн сүрөтчүсү Р. Исаков К-33 Кедейкан. Олжобай менен Кишимжан: Эпостор / А. Акматалиевдин жалпы редакциясы менен. Түз. Т. Казиев; Сүрөтчүсү Р. Исаков, илл. («Эл адабияты»), Кырг. У. И. А. ж.б. — Б.: Шам, 1997—424 б.
5. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу: 1-китеп /Сүрөтчүсү А. Акматов; Адаб. ж-а искусство ин-ту; Б.: Кыргызстан. 1995.— 568 б
6. Токомбаев Аалы.Токтогул. Роман. – Б.: Бийиктик плюс, 2014. – 280 б.
7. Ч.Айтматов Ч.Т. Чыгармалар жыйнагы. Б.: Издательство “Улуу тоолор”, 2018. 257 б.

Залкар акындар: Кетбука, Асан кайгы, Токтогул ырчы, Калыгул, Арстанбек. 1-том/ Түз. А.Акматалиев, С.Мусаев, Б.Кебекова, Р.Сарыпбеков. -Б.: “Бийиктик плюс”, 2015. 296 б. (“Залкар акындар сериясы”)